| | | |
|---|---|---|
| | Q-2024-0023 (Документтин шифри) 6 бет (Беттин саны) 21.06.2024-ж (Бекитилген датасы) | Ош мамлекеттик университети<br>САПАТТЫ КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ<br>«ОшМУнун заманбап окуу басылмасы» конкурсунун жобосу |

БЕКИТЕМИН

ОшМУнун ректору,

проф. К. Г. Кожобеков

________________

# ОКУТУУНУН САПАТЫ ЖАНА МЕТОДИКАЛЫК КАМСЫЗДОО БӨЛҮМҮ

# «ОШМУНУН ЗАМАНБАП ОКУУ БАСЫЛМАСЫ» КОНКУРСУНУН ЖОБОСУ

Ош, 2025

## ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТИН ПАСПОРТУ

| | |
|---|---|
| Документтин аталышы | «ОшМУнун заманбап окуу басылмасы» конкурсунун жобосу |
| Документтин теги | ОшМУнун сапатты камсыздоо саясаты |
| Документтин түрү | Жобо |
| Бекитилген күнү | ОшМУнун административдик кеңешинин 2025-жылдын 30-майындагы отурумунда талкууланып, жактырылган. |
| Документтин шифри | |
| Документтин аннотациясы | Бул жобо "ОшМУнун заманбап окуу басылмасы" конкурсун өткөрүүнүн тартибин жана регламентин аныктайт. Жобо университеттин сапатты камсыздоо системасынын документи болуп эсептелинет. |

## ДОКУМЕНТТИН МАЗМУНУ


| | | |
|---|---|---|
| 1. | Жалпы жоболор | 2 |
| 2. | Конкурсту уюштуруу жана өткөрүү тартиби | 2 |
| 3. | Конкурстун жыйынтыктарын чыгаруу | 3 |
| 4. | 1-тиркеме. Конкурска катышуу үчүн арыз | 4 |
| 5. | 2-тиркеме. Окуу басылмасын баалоо барагы | 5 |
| 6 | Макулдашуу барагы | 6 |


### I. «ОшМУнун заманбап окуу басылмасы» конкурсунун жобосу

### 1. Жалпы жоболор

1.1. «ОшМУнун заманбап окуу басылмасы» конкурсу университеттин профессордук-окутуучулук курамынын ишмердүүлүгүн жана кесиптик чеберчилигин жогорулатуу, окуу процессин жаңы теориялык жана практикалык билимдерди камтыган заманбап окуу куралдары менен камсыздоо максатында өткөрүлөт.

1.2. Конкурстун милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

• ОшМУнун ПО курамы тарабынан жазылган окуу китептеринин жана окуу-усулдук колдонмолорунун мазмунунун жогорку жана орто билим берүүнүн заманбап талаптарына шайкештигин аныктоо;

• басылып чыккан окуу китептеринин жана окуу куралдарынын университеттин студенттери тарабынан колдонулушун жандандыруу;

• ПО курамдын окуу-методикалык ишмердүүлүгүнө дем берүү.

### 2. «ОшМУнун заманбап окуу басылмасы» конкурсун уюштуруу жана өткөрүү тартиби

2.1. Конкурсту өткөрүү тууралуу кулактандыруу ОшМУнун сайтына окуу жылынын октябрь айынан баштап жайгаштырылат.

2.2. Конкурс эки турда өткөрүлөт. 1-турда факультеттин (институт, колледж) деңгээлинде жүргүзүлүп, бир жеңүүчү аныкталып, 2-турга университеттик деңгээлге сунушталат.

2.3. Конкурска берилген ар бир иш үчүн коштоочу документтер менен өзүнчө папка түзүлөт, ага төмөнкүлөр кирет:

- автордун (авторлордун) конкурска катышуу боюнча арызы (арызда окуу басылманын аталышы, түрү (окуу китеби, окуу-усулдук колдонмо ж.б.), авторлордун аты-жөнү (толугу менен); алардын кызмат орундары көрсөтүлүүсү зарыл) (1-тиркеме);
- кафедранын (ПЦК, бөлүмдүн) протоколу менен таризделген негиздеме;
- факультеттин (институт, колледж) окумуштуулар (педагогикалык) кеңешинин протоколунан көчүрмө;
- окуу басылмасынын бир нускасы;
- антиплагиаттын көрсөткүчү (% менен);
- окуу басылмасы колдонула турган дисциплинанын силлабусу.

2.4. Кафедранын (ПЦКнын, бөлүмдүн) отурумунун протоколу менен таризделген төмөнкүдөй мазмундагы негиздеме тиркелет:

- окуу басылмасынын мазмунунун дисциплинанын окутуу программасына дал келүүсү;
- окуу материалын берүүнүн оригиналдуулугу жана жеткиликтүүлүгү;
- конкурска коюлуучу эмгекте ата мекендик жана дүйнөлүк илимдин, техниканын, технологиялардын жана маданияттын азыркы жетишкендиктерин чагылдыруусу;
- дисциплиналар аралык байланыштарды камсыз кылуусу;
- окуу басылмасы колдонулган адистиктердин тизмеси жана студенттердин саны;
- конкурска коюлган окуу басылмасынын колдонулуп жаткан башка окуу китептеринен негизги артыкчылыктары.

**3. Конкурстун жыйынтыгын чыгаруу**

3.1. Конкурска коюлган эмгектердин сапатын ОшМУнун окуу-методикалык кеңешинин алдында түзүлгөн эксперттик комиссиянын мүчөлөрү баалайт жана жыйынтыгын чыгарат.

3.2. Экинчи турдагы конкурс эки этапта өткөрүлөт:

- биринчи этапта окуу басылманын бир нускасы жана белгиленген коштоочу документтер уюштуруу комитетине (ОСМКБ) тапшырылат, каттоодон өтөт.
- экинчи этапта эксперттик комиссия тарабынан окуу басылмалардын сапаты критерийлердин негизинде бааланып (2-тиркеме) конкурстун жеңүүчүлөрү аныкталат.

4. Конкурстун жеңүүчүлөрүн сыйлоо

4.1. Конкурстун катышуучуларына сертификаттар тапшырылат.

4.2. Конкурстун жеңүүчүлөрүнө диплом жана акчалай сыйлык берилет:

I орун – 30 000 (отуз миң сомдон кем эмес)
II орун – 20 000 (жыйырма миң сомдон кем эмес)
III орун – 10 000 (он миң сомдон кем эмес)
IV орун – Кочкор-Ата санаторийине жолдомо (8 күнгө).

**Эскертүү:** *Конкурска жөнөтүлүүчү бардык материалдар кыргыз же орус тилдеринде кагаз жана электрондук түрдө тапшырылат. Жеңүүчүлөрдүн электрондук документтери ОСМКБнын сайтында сакталат. Кагаз түрүндөгү материалдар конкурсанттарга кайтарылып берилет.*

**1-тиркеме**

Конкурстун уюштуруу комитетине
______________________________
______________________________
(кафедра, кызмат орду)
______________________________
(аты-жөнү)

---

АРЫЗ

Мени «ОшМУнун заманбап окуу басылмасы» конкурсуна катышуучулардын тизмесине кошуп коюуну суранам.

Окуу басылманын аталышы
_______________________________________________________________________
_______________________________________________________________________

Түрү (окуу китеби, окуу-усулдук колдонмо ж.б.) ______________________________

Автордун (авторлордун) аты-жөнү (толугу менен)
_______________________________________________________________________
_______________________________________________________________________
_______________________________________________________________________
_______________________________________________________________________
_____________________________________________________________________________________
____________________________________________________________

Арызга төмөнкүлөр тиркелет:

1. Түзүмдүн протоколунан көчүрмө;
2. Кафедранын (ПЦК, бөлүм) протоколу менен таризделген негиздеме;
3. Окуу басылмасынын бир нускасы;
4. Антиплагиаттын көрсөткүчү;
5. Окуу басылмасы колдонула турган дисциплинанын силлабусу.

Кол тамга: __________________

2025-ж. «___» _______________

2-тиркеме

# ОКУУ БАСЫЛМАЛАРДЫН САПАТЫН БААЛОО КРИТЕРИЙЛЕРИ

| № | Критерийлер | Упай | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 3 | 4 | 5 |
| 1. | Дисциплинанын окутуу программасына (силлабус) ылайык келүүсү | | | |
| 2. | Окуу басылмасынын көлөмү (окуу китебинин көлөмү keминде 8 басма табак (болжол менен 150 бет), окуу-усулдук колдонмосунун көлөмү 5 басма табак (болжол менен 100 бет) болушу керек) | | | |
| 3. | Окуу басылмасынын жалпы структурасы (глава, бөлүм, параграф), окуу материалынын толуктугу жана оригиналдуулугу | | | |
| 4. | Окуу материалын системалуу уюштуруу, суроо-тапшырмалардын татаалдык деңгээлдеринин болушу | | | |
| 5. | Дидактикалык көргөзмө материалдардын жана графикалык организаторлордун (сүрөт, таблица, схема, диаграмма) болушу, алардын сапаты | | | |
| 6. | Студенттердин активдүүлүгүн стимулдаштыруу, түрдүү усулдук ыкмалардын колдонулушу | | | |
| 7. | Азыркы кыргыз (орус, англис) тилинин адабий нормаларын сактоо | | | |
| 8. | Басылманы колдонуу боюнча көрсөтмөлөрдүн берилиши | | | |
| 9. | Окуу басылмасында колдонулган адабияттарга шилтемелердин берилиши | | | |
| 10. | Антиплагиаттын көрсөткүчү | | | |
| 11. | Көмөкчү материалдын болушу (шарттуу кыскартуулар, тиркеме, глоссарий, сөздүктөр, формулалар ж.б.) | | | |
| 12. | Окурмандар тарабынан колдонулуу коэффициенти (ОшМУнун китепканасы берет) | | | |
| | **Жалпы упай:** 60 упайдан ашпайт | | | |

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

1. Окуу иштери боюнча проректор: Арапбаев Р. Н.

2. Санариптик трансформациялоо жана электрондук билим берүү боюнча проректор: Молдояров У. Д.

3. Орто кесиптик билим берүү департаментинин директору: Мамажакып у. Ч.

4. Академиялык иштер жана билим берүү саясатын өнүктүрүүнү стратегиялык пландаштыруу башкармалыгынын начальниги: Папиева Т. М.

5. ОшМУнун профкомунун төрагасы: Саттаров А. Э.